# КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК МАМИЛЕНИН АЛКАГЫНДА БОЛОЧОК ФИЛОЛОГ МУГАЛИМДЕРДИ КЕСИПКЕ ДАЯРДООНУН БАГЫТТАРЫ

**Байтүгөлова Ж.А.**
*Байтүгөлова Жанара Абдылдаевна, п. и. к., С.Нааматов атындагы НМУ, Нарын ш.*

***Аннотация:*** *Кыргызстандын билим берүү системасынын компетенттүүлүк парадигмасына, борбордоштурулган тенденциядан вариативдүүлүк тенденцияга өтүүсү байкалууда. Өлкөбүздүн жогорку окуу жайларынын Болон системасына өткөндүгүнө жана инсанга багытталган окутуунун механизмдери ишке кирише баштаганына байланыштуу, бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдыктарын күчөтүү проблемасы пайда болду.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *компетенттүүлүк мамиле, окутуунун натыйжасы жана аны баалоо, инсанга багытталган мамиле, эмгек рыногу*

***Аннотация*** *Наблюдается переход образовательной системы Кыргызстана в парадигму компетентностного подхода, от централизованной тенденции к вариативной. Трансформация к Болонской системе и личностно ориентированному обучению в высших учебных заведениях страны требует качественной подготовки выпускников.*

***Ключевые слова:*** *компетентностный подход, образовательные результаты и оценка, личностно-ориентированное обучение, рынок труда*

***Abstract*** *The transition of the educational system of Kyrgyzstan to the competency based paradigm and from the centralized to the variative one has been observed. Transformation to the Bologna system and the learner centered education in higher educational institutions of the country requires qualitative training of graduates.*

***Key words****: competency based education, learning outcomes and its assessment, learner centered methodology of teaching, labour market.*

Коомубуз атаандаштыкка туруштук бере алган, ийкем жашоого ылайыкталган, чыгармачыл мугалимдерге муктаж. Ошондуктан, ЖОЖдун окутуучусу азыркы коомдун талабына жооп берген инсанды тарбиялоого тийиш. Ал сабак берүүчү эле эмес, тарбиялоочу, насаатчы, ошол эле учурда психологиялык жана кесиптик чеберчиликке ээ болгон инсан болушу дагы зарыл. Ошол себептен, болочок мугалимдердин кесиптик даярдыктарына жаңыча талаптар коюла баштады жана ал педагогикалык жогорку билим берүү системасында компетенттүүлүк мамилени жолго коюу менен байланышкан. Компетенттүүлүк мамилени билим берүүнүн сапатын арттыруунун каражаты деп дагы эсептешет. Анткени коомдун талаптарына ылайык келген бүтүрүүчүнү тарбиялоо үчүн болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн студент кезден эле калыптандыра баштоо зарыл.

Компетенттүүлүк мамиленин негизги идеялары эмгек рыногундагы кырдаалды изилдөөдөн, жумушчулардын кесипкөйлүгүнө коюлуучу талаптарды аныктоодон улам келип чыккан. Компетенттүүлүк мамиле деп, окумуштуулар окутуунун натыйжасына басым жасалган көз карашты белгилешет, ал эми окутуунун натыйжасы топтолгон билимдин суммасы эмес, билимди турмуштун ар кандай жагдайларында колдонуу жөндөмдүүлүгү болуп саналат [1; 3; 5].

Компетенттүүлүк мамиленин негизинде «компетенция» жана «компетенттүүлүк» деген түшүнүктөр жатат. Бүгүнкү күндө бул терминдерге көптөгөн аныктамалар берилип келе жатат жана аларды түшүнүүнүн өзү кандайдыр бир кыйынчылыктарды жаратат. Изилдөөчүлөр белгилегендей, аталган түшүнүктөр же окшоштурулат, же болбосо айырмаланышат [3]. Компетенция жана компетенттүүлүк түшүнүктөрү И.А. Зимняянын эмгегинде майда-чүйдөсүнө чейин талкууланган [4]. Сөздүктөрдө компетенттүүлүк – кандайдыр бир иштин тармагы боюнча «кабардар болгондук, билгендик, авторитеттүүлүк, беделдүүлүк, кадырлуулук» катары мүнөздөлөт» [6].

А.В. Хуторской аталган терминдерге: «Компетенция инсандын бири-бири менен байланышкан сапаттарын камтыйт (билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр, ишмердүүлүк ыкмалары); компетенттүүлүк – адамдын тиешелүү компетенцияга ээ болуусу, ал адамдын өзүнө жана ишмердүүлүк предметине инсандык катышын камтыйт» – деген аныктамасын берет [7]. Ошондуктан, компетенттүү болуу – бул керектүү билгичтиктерге, көндүмдөргө жана жөндөмдүүлүктөргө ээ болуу, өзүнүн иш тармагынан мыкты кабардар болуу, кадырлуу адис болуу дегенди билдирет.

«Компетенттүүлүк мамиле» жана «негизги компетенциялар» түшүнүктөрү Кыргызстандын жогорку профессионалдык билим берүү системасында жакынкы арада эле кеңири тарала баштады.

Компетенттүүлүк мамилени колдонууда билим берүүнүн негизги максаттары деп төмөндөгүлөр эсептелет:

- коомдо жашоо үчүн адамдын түрдүү шарттарга карай ийкемделишине түрткү берүүчү негизги компетенцияларды калыптандыруу;
- турмуштун ар кандай жагдайларында адамдын билимдерин жана шыктарын колдоно алуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу.

Компетенттүүлүк мамиле төмөндөгү принциптерге негизделген [2]:

- коомдо жашоо үчүн, ийгиликтүү социалдашуу жана жеке өнүгүү үчүн билим алуу;
- өзүнүн окуу натыйжасын пландаштыруусуна мүмкүндүк түзүү жана өзүн-өзү баалоо аркылуу аны өркүндөтүү;
- өздүк мотивациясынын жана натыйжа үчүн жоопкерчилигинин негизинде студенттин өз алдынча ишмердүүлүгүн уюштуруу.

Ушул принциптерге ылайык, жогорку кесиптик билим берүүнүн милдети болуп студенттердин турмушунда, ар кыл иш аракеттеринде пайда болгон маселелерди өз алдынча чечүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү болуп саналат. Окуу процесси студенттердин таанып билүү, коммуникация, уюштуруу, адеп-ахлак жана башка маселелерди өз алдынча чечүү тажрыйбасын жөнгө салуу жолу менен түзүлөт.

Компетенттүүлүк мамиле салттуу мамиле менен салыштырганда бир кыйла артыкчылыктарга ээ [5]. Салттуу окутууда окутуунун максаты катары инсандын өсүшү каралат. Максаттар адатта ушул өсүштү терминдердин жардамы менен берет: окуучулар кандайдыр бир түшүнүктөрдү, маалымат, эрежелерди, билгичтиктерди билүүгө милдеттүү, алардын кандайдыр бир көз караштарын калыпка келтирүү керек. Бирок, окутуу максаттарын инсандын жаны алган билими аркылуу аныктоо, билим берүүдөгү инсанга багытталган компетенттүүлүккө даярдоо принциптери менен шайкеш келбейт. Салттуу мамиле максаттарды аныктоодо экстенсивдүү жолдорду сактап калууга багытталган. Бул мамиледеги көз караш – окуучунун билгени канчалык көп болсо, ал ошончо билимдүү жана анын билим деңгээли ошончо жогору деп эсептелет. Инсандын мындай деңгээлге жетишин жалпы жонунан билимдүүлүк түшүнүгү менен белгилешкен.

Ал эми компетенттүүлүк мамиледеги көз караш боюнча, билим берүүнүн максаттары окуу натыйжасына негизделет жана окутуунун мазмуну ошол коюлган максаттарга карата тандалат. Алгач, аталган окуу предмети эмне үчүн керек экендигин айкындоо зарыл, ошого ылайык ал курс студенттердин кайсы компетенцияларын калыптандырары аныкталышы керек. Андан соң, студенттердин окуу натыйжасы кайсылар болушу керек жана ал максаттарга жетүү үчүн кайсы баалоо формаларын, методдорун же технологияларды колдонуу керектиги такталат. Окутуучу студенттердин коюлган окуу натыйжаларына ийгиликтүү жетиши үчүн кандай иш аракеттерди кылаары да алдын ала пландалат. Бул учурда дагы бир нерсени эске алуу керек, кандайдыр бир

окутуунун натыйжасы башка предметтердин жардамы менен гана калыптанат, ал эми кээ бир натыйжалар ушул гана предметтин чегинде алынат, жана аларды башка предметтин алкагында окутуу кыйынчылыктарды алып келет [1; 5].

Компетенттүүлүк мамиле билим берүү системасындагы калыптанып калган көптөгөн стереотиптер, педагогдордун кээ бир көнүмүш иш тажрыйбалары менен карама каршылыкка да келиши мүмкүн. Ошондуктан, биздин пикирибиз боюнча, жогорку кесиптик билим берүүдө компетенттүүлүк мамилени колдоо үчүн педагогикалык кадрларды көптөгөн теориялык жана методикалык эле эмес, көбүрөөк практикалык даярдоодон да өткөрүү зарыл.

2011-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан «Кыргыз Республикасында профессионалдык билим берүүнүн эки деңгээлдүү структурасын түзүү жөнүндө» токтом кабыл алынган. Токтом бакалавр жана магистрлерди даярдоо багыттарында, адистиктер боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын макеттерин жана ошондой эле жогорку профессионалдык билим берүү адистиктерин даярдоо багыттарынын тизмелерин бекитти. Бул документ аркылуу Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүүсүнүн мазмунун жаңылоого жол ачылды, ал эми компетенттүүлүк мамиле ошол жаңылануунун бирден бир негизи болуп калды.

TUNING TUCAHEA проектисинде топтолгон тажрыйбалардын негизинде [8], Дублин дескрипторунда аталган квалификацияларды эске алуу менен жогорку кесиптик билим берүүнүн стандартынын компетенттүүлүктөрүн аныктоодо анын төмөнкүдөй курамы бекитилди:

ЖК – жалпы илимий компетенциялар

ИК – инструменталдык компетенциялар;

КК – кесиптик компетенциялар;

СЖК – социалдык жеке компетенциялар.

Илимий, инструменталдык жана социалдык-өздүк компетенциялар универсалдык компетенциялар деп аталып, кесиптик компетенттүүлүк өзүнчө бөлүк катары каралды.

2013-жылы жогорку профессионалдык билим берүүнүн мамлекеттик стандартын түзүү иштери жүргүзүлүп, «Педагогикалык билим берүү» багыты боюнча стандарт бекитилген. Мурдагы стандарттардан айырмаланып, бул документ компетенттүүлүк мамиленин принциптерин эске алуу менен түзүлгөн. 2012-2013-окуу жылында ушул документтин негизинде Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасына жогорку профессионалдык билим берүүнүн эки баскычтуу (бакалавр, магистр) түзүмү ишке киргизилди.

Бакалаврдын профессионалдык квалификациясы бүтүрүүчүлөргө окууну бүт өр замат ишке киришүүгө мүмкүн болгон шарттарды түзүп берүүсү керек, башкача айтканда, алар фундаменталдык илим жана ошондой эле эң негизги профессионалдык компетенцияларга ээ болуусу зарыл. Стандартта педагогикалык адистиктеги бүтүрүүчүлөр ээ боло турган компетенциялар аныкталып, ал компетенцияларды өздөштүрүүгө жардам бере турган ылайыктуу предметтердин тизмеги берилген. Мисалга алсак, стандарттын Филологиялык билим берүү багытында бүтүрүүчү универсалдуу жана профессионалдык компетенцияларына ээ болуусу зарыл экендиги белгиленет. Стандарттагы кээ бир компетенцияларга көңүл бөлөлү:

а) Универсалдуу:

*жалпы илимий (ЖИ):*

- Учурдагы билимдердин түрдүү багыттарындагы негиздерине ээ (түшүнүктөр, теориялар, методдору, ыкмалары) жана аны толуктай алат (ЖИ-2);
- кесиптик маселелерди чечүү үчүн тажрыйба жана пикирлерин трансформациялай алат, (ЖИ-6);

*инструменталдуу (ИК):*

- Жаңы ситуацияга абалга жана анын натыйжаларына ийкемдешүүгө жөндөмдүү (ИК-3);
- Башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга, системалуу түрдө негиздөөгө, класстын, мектептин денгээлинде аларды баалоого жана лидерлик билгичтигин көрсөтүүгө жөндөмдүү (ИК-4);

*социалдык-жеке (СЖК):*

- Командада эффективдүү иштеп, ар түрдүү милдеттерди аткарууга жөндөмдүү (СЖК -1);
- Кесиптик иш аракет менен байланышкан тапшырмаларды аткарууда, көйгөйлөрдү критикалык жана конструктивдүү анализдөөгө жана чечим кабыл алууга жөндөмдүү (СЖК -4);

*б) Кесиптик (КК)*

- Кесиптик тапшырмаларды аткарууга психологиялык, педагогикалык билимин жана илимий жыйынтыктарды профессионалдык иш аракетинде колдонууга даяр (КК-2);
- Кабыл алуу, түшүнүү жана башка үйрөнүп жаткан тилдеги жазуу жана сүйлөөнүн көп аспектилүү анализинин көндүмдөрүнө ээ (КК -8).

Албетте, компетенттүүлүк мамилеге багытталган мамлекеттик билим берүүнүн жаңы структурасы окутуунун жана баалоонун жаңы формаларынын, усулдарынын жана каражаттарынын ишке киргизилишин болжолдойт. Мында компетенттүүлүк мамиленин зарыл шарты болуп, жаңы муундагы окутуу программаларын жана окуу пландарын иштеп чыгуу эсептелет. Аталган шарттарды ишке ашыруу көптөгөн иш-аракеттерди талап кылат, бирок, компетенттүүлүк мамилеси аркылуу билим берүүнүн сапатын арттырууга болот [5].

Бул аталган компетенттүүлүктөр бакалавр адистигине ээ болгон учурда байкалышы зарыл, бул компетенттүүлүктөр адистин эмгек рыногуна даяр экендигин көрсөтөт. Ал эми бул компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу кандай иш аракеттерди камтыйт? Ар окуу курстарында бул компетенттүүлүктөр кантип калыптанат жана буларды калыптандырууда эмне иштерди аткаруу зарыл? Ушул суроолорго жооп издөө маанилүү.

Демек, окуу курстарын окуп-үйрөнүүдө компетенттүүлүктөрдүн элементтери тизмектелип, аларды калыптандыруунун жолдору, ыкмалары туура тандалып алынышы керек. Мындан тышкары, бул элементтердин калыптандырылышы дагы окутуучулар тарабынан дагы болочок мугалимдер тарабынан дагы көзөмөлгө алынып турушу керек.

**Адабияттар:**

1. Абдырахманов, Т.А. Компетентностный подход в современном образовании: Учебное пособие. –Б., 2011. – 114 с.
2. Бершадский, М.Е. Консультации: целеполагание и компетентностный подход в учебном процессе // Педагогические технологии. – 2009. – №4. – С. 89-94.
3. Бочарникова, М.А. Компетентностный подход: история, содержание, проблемы реализации // Начальная школа. – 2009. – №3. – С. 86-92.
4. Зимняя, И.А. Педагогическая психология: Учебник для вузов. –М.: «Логос», 2005. - 384 с.
5. Лебедев, О.Е. Компетентностный подход в образовании // Школьные технологии. – 2004. –№5.- С.3-12.
6. Толковый словарь Ушакова. Источник: slovopedia.com/3/196/784497.html
7. Хуторской, А.В. Ключевые компетенции и образовательные стандарты // Интернет-журнал «Эйдос».–2002.Источник: http://www.eidos.ru/journal/2002/0423.htm
8. www.tuning.org

***Рецензент: п.и.к., Бекежанов М.М., НМУда доценттин милдетин аткаруучу***